**Ж.Баласагын атындагы КУУнун юридикалык колледжи**

Юридикалык колледж бүгүнкү күндө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин гана эмес, жалпы Кыргызстандын билим берүү тармагындагы эң абройлуу орто кесиптик окуу жайларынын бири болуп саналат. Учурда юридикалык колледж эмгек рыногунда чоң суроо-талапка ээ. Ал – өлкөбүздүн орто кесиптик билим берүү системасында таанылган лидерлердин бири.

2007-жылы Кыргыз улуттук университеттин Юридикалык институтунун алдына юридикалык колледж түзүлүп, расмий тарыхы башталган.

2019-жылы Окумуштуулар жана камкорчулар кеңешинин чечими менен Ж.Баласагын атындагы КУУнун кесиптик колледжи түзүлүп, анын курамына университетте ошол учурда иштеп жаткан колледждердин бардыгы бириктирилген. Ушул мезгилден баштап 2023-2024-окуу жылына чейин юридикалык колледж кесиптик колледждин юридика бөлүмү катары иш жүргүзүп келди.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июнундагы "Кыргыз Республикасынын Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" № 243 Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы "Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетин" жана "Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетин" кайра түзүү жөнүндөгү № 417 токтомунун негизинде жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар жана камкорчулар кеңешинин 2023-жылдын 6-сентябрындагы чечими менен кайрадан юридикалык колледж болуп түзүлдү.

Юридикалык колледжден билим алууну каалагандардын саны жылдан-жылга өсүүдө. Бул окуу жайда биздин республиканын гана эмес, коңшу мамлекеттердин да мектеп бүтүрүүчүлөрү билим алышат. Учурда заманбап өнүккөн жана мыкты жабдылган материалдык-техникалык базага, алдыңкы маалыматтык-билим берүү технологияларына, окуу-тарбия иштеринин жогорку деңгээлине, заманбап жана натыйжалуу башкаруу системасына, квалификациялуу профессордук-окутуучулук курамга, эл аралык өнөктөштүккө, административдик-башкаруучу жана көмөкчү персоналга ээ. Бул артыкчылыктар юридикалык колледждин атын чыгарып, белгилүү жана атаандаштыкка жөндөмдүү окуу жайына айлантууда.

Бүгүнкү күндө Кыргыз улуттук университетинин эң ири түзүмдүк бөлүмү болуп саналат.

Студенттер – колледждин бүткүл ишмердүүлүгүнүн негизги күч жумшоочу багыты. Биринчи кезекте колледждин иши студенттердин билим алуу жана таанып-билүү муктаждыктары менен кызыкчылыктарын канааттандырууга багытталат. 2024-2025-окуу жылында алардын саны 2100 студентке жетти.

Ж.Баласагын атындагы КУУнун юридикалык колледжинин ачылганына саналуу гана жылдар болсо дагы бүгүнкү күндө өлкөдөгү орто кесиптик билим берүү системасындагы таанылган лидер боло алды. Анын басып өткөн жолу белгилүү жетишкендиктер менен коштолуп келет. Юридикалык колледж муну менен эле токтоп калбастан, өз ишмердүүлүгүнүн чөйрөсүн кеңейтип, адистерди даярдоонун сапатын жана профессордук-окутуучулук курамдын илимий-педагогикалык квалификациясын жогорулатууда, жаңы маалыматтык жана билим берүү технологияларын иштеп чыгууда жана ишке киргизүүдө алдыга жылат, көз карандысыз аккредиттөөнү алууга жетише алат.

Методикалык жактан камсыз кылынган окутуу процессинин жогорку деңгээли, өнүккөн инфраструктурасы, билим берүү кызматтарынын рыногундагы туруктуу позициясы, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү ага келечекте кадрларды даярдоодо дагы чоң жетишкендиктерге ишенимдүү кадам таштоосуна негиз болот.

Учурда юридикалык колледжде үч предметтик-циклдик комиссия иш алып барат.

1.Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер ПЦКнын курамында 26 (10 кыргыз тили жана адабияты, 8 орус тили жана адабияты, 8 чет тилдери боюнча) окутуучу эмгектенет.



2. Табигый жана коомдук-гуманитардык дисциплиналар ПЦКда учурда штаттык негизде 20 окутуучу эмгектенет.




3. Адистик дисциплиналар ПЦКда 77 окутуучу эмгектенет.



Азыркы учурда адистик дисциплиналардын окутуучулары келечектеги юристтерди практикага багыттап окутууда компетенттүүлүк мамилени ишке ашырууну, алдыңкы билим берүүнүн формаларын, методдорун жана каражаттарын, окутуунун диалогдук технологиясын, компетенттүү адисти даярдоого көмөктөшүүчү маалыматтык, мультимедиялык, коммуникативдик технологияларды колдонуу менен инсанды өнүктүрүүчү билим берүү чөйрөсүн түзүүнү өздөрүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүнүн артыкчылыктуу багыты катары аныкташты.

Юридикалык колледж орто кесиптик билим берүү деңгээлинде “Укук таануу” адистиги боюнча “Юрист”адистерин даярдоону жүзөгө ашырат.
Окуу мөнөтү:
1) 9-класстын базасында, күндүзгү окуу бөлүмүндө – 2 жыл 10 ай;
2) 11-класстын базасында, күндүзгү окуу бөлүмүндө – 1 жыл 10 ай;
3) 11-класстын базасында сырттан окуу – 2 жыл 6 ай.
Азыркы учурда колледжде 2000ден  ашуун студент окуйт. Биздин колледжди тандоо менен келечекте кесип тандоодо туура кадам таштайсыз

Юридикалык колледждин директору: юридика илимдеринин доктору, доцент Джумалиев Данияр Сардарбекович тел. +996500320565, d.djumaliev@mail.ru

Окуу иштери боюнча директордун орун басары: окутуучу Жакшылыкова Элла Азискановна тел. +996700033918, ejhaksylykova@bk.ru

Тарбия иштери боюнча директордун орун басары: ага окутуучу Тумаров Харсан Исмарович, тел. +996704549468 h.tumarov@gmail.com

Методикалык иштер боюнча директордун орун басары: окутуучу Иманалиева Наргиза Таалайбековна, тел. +996500159495

Практика боюнча директордун орун басары: ага окутуучу Мамбеталиев Руслан Базаркулович, тел. +996709160807, ruslan_bm@mail.ru

Дареги: Бишкек шаары, Чуй проспекти 180-а,
1. Окуу жайдын түрү: КООЖ
2. Макамы: Мамлекеттик
3. Аталышы: Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык колледжи
4. Күн тартиби: 08.00 до 17.00, кабинет 109, 111